DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Кармышаков М.А., Токтакун кызы Г.*

## ЖАРАНДЫК-ПРОЦЕССТИК УКУК МАМИЛЕЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН СУБЪЕКТИЛЕРИ ТУУРАЛУУ СУРООГО КАРАТА

*Кармышаков М.А., Токтакун кызы Г.*

## К ВОПРОСУ О ГРАЖДАНСКО-ПРОЦЕССУАЛЬНЫХ ПРАВООТНОШЕНИЯХ И ИХ СУБЪЕКТАХ

*M. Karmyshakov, Toktakun kyzy G.*

## ON THE ISSUE OF CIVIL PROCEDURE LEGAL RELATIONS AND THEIR SUBJECTS

*УДК: 347.91/.95*

*Жарандык-процесстик мамилелер концепциясы көп жылдар бою процессуалдык илимпоздордун көңүлүн буруп, актуалдуулукту жаратып келет. Мунун себеби, теманын алкагында каралып жаткан маселелердин жогорку деңгээлдеги татаалдыгы жана жарандык-процесстик укуктук мамилелер теориясынын жарандык сот өндүрүшүнүн абалына тийгизген таасири менен негизделет. Процессуалдык адабиятта укуктук мамилелер маселеси дайыма борбордук деп таанылып келет. Изилдөөнүн максаты жарандык процесстик мамилелердин проблемасын комплекстүү, системалуу талдоо, алардын укуктук табиятын жана максатын изилдөө. Иштин методологиялык негизин системалык, функционалдык, салыштырма-укуктук, салыштырмалуу тарыхый, формалдуу логикалык, комплекстүү талдоо ыкмасы ж.б. колдонулду. Ошентип, жарандык процесстик укук мамилеси дегенибиз, белгилүү бир иш өндүрүшүндө аныкталып (такталып), жарандык процесстик нормаларда каралган, ишке катышуучу жактар менен кызматташтыкта ишке ашырылуучу соттун иш аракет формасы болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *жарандык процесс, укуктук мамиле, субъект, сот, тараптар, үчүнчү жактар, прокурор, укук.*

*Понятие гражданских процессуальных отношений уже много лет привлекает внимание ученых-процессуалов и создает актуальность. Причиной этого является высокий уровень сложности вопросов, рассматриваемых в рамках темы, и влияние теории гражданских процессуальных правоотношений на состояние гражданского судопроизводства. В процессуальной литературе вопрос правоотношений всегда признавался центральным. Цель исследования - всесторонне и системно проанализировать проблему гражданских процессуальных отношений, изучить их правовую природу и цель. Методологической основой работы являются методологический, функциональный, сравнительно-правовой, сравнительно-исторический, формально-логический, метод комплексного анализа и другие. Таким образом, гражданские процессуальные правоотношения – это форма судебного действия, определяемая (уточняемая) в конкретном деле, предусмотренная гражданскими процессуальными нормами, реализуемая во взаимодействии со сторонами, участвующими в деле.*

***Ключевые слова:*** *гражданский процесс, правоотношения, предмет, суд, стороны, третьи лица, прокурор, дееспособность*

*The concept of civil procedural relations has attracted the attention of procedural scientists for many years and created relevance. The reason for this is the high level of complexity of the issues discussed within the topic, and the influence of the theory of civil procedural relations on the state of civil proceedings. In procedural literature, the issue of legal relations has always been recognized as central. The purpose of the study is to comprehensively and systematically analyze the problem of civil procedural relations, study their legal nature and purpose. The methodological basis of the work is methodological, functional, comparative legal, comparative historical, formal logical, the method of complex analysis, etc. Thus, civil procedural legal relations are a form of judicial action, determined (clarified) in a specific case, provided for by civil procedural rules, implemented in interaction with the parties involved in the case.*

***Key words:*** *civil process, legal relations, subject, court, parties, third parties, prosecutor, legal capacity.*

Мыйзам көбүнчө коомдук мамилелерди жөнгө салуучу эрежелердин жыйындысы катары кызмат кылат. Бул жагынан советтик юрист А.В. Мицкевич «кеңири мааниде коомдогу укуктун иштеши менен тигил же бул түрдө байланышкан бардык мамилелерди укуктук мамилелерге кошууга болот» деп жазган [1]. Ю.К. Толстой «укуктук мамилелер – бул укуктук нормада каралган юридикалык фактылардын келип чыгышынын натыйжасындагы өзгөчө идеологиялык мамилелер, алар иш жүзүндө укук ченемдери аркылуу коомдук мамилелерди жөнгө салып турат» - деп аныктама берген [2].

Заманбап укук теоретиктеринин көпчүлүгү укуктук мамилелерди жалпы мааниде укук менен жөнгө салынуучу коомдук мамилелер катары аныктоого болот деп ырастап, окшош позицияларды карманышат [3]. Укуктук мамилелер аркылуу объективдүү укук, башкача айтканда, укуктук ченемдердин жалпы жоболору укуктук мамилелердин субъекттеринин конкреттүү субъективдүү укуктарына жана милдеттерине которулат.

Укуктук мамилелерди жеке жана коомдук, материалдык жана процессуалдык деп бөлүү адатка айланган. Жарандык процесстик укук мамилелери жарандык процесстик укуктун предмети болуп, сот тарабынан ушул укук мамилелеринин башка субъекттерине карата ыйгарым укуктарга ээ болгон коомдук процесстик укук мамилелерин билдирет.

Жарандык-процесстик укук мамилелеринин негизин соттун жана башка бардык процесске каты-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



шуучулардын мыйзамда каралган укуктары менен милдеттери түзөт. Бул укуктар менен милдеттерге: ишке катышуучу жактардын иштеги материалдар менен таанышуу, алардын көчүрмөлөрүн алуу, сотко жана башка тийиштүү адамдарга отвод билдирүү-ишеним көрсөтпөө, далилдер келтирүү, далилдерди изилдөөгө катышуу, ишке катышып жаткан башка жактарга, күбөлөр менен эксперттерге суроолорду берүү, соттук иш кароонун жүрүшүндө келип чыгуучу бардык маселелер боюнча өздөрүнүн пикирлерин айтуу, соттун чечимдери менен аныктамаларына даттануу арызын келтирүү жана башка көптөгөн укуктар кирет. Мына ушул укуктарды ишке ашырууда сот милдеттүү түрдө бир тарабы болуп, бардык калган процесстин катышуучулары экинчи тарап болуп, булардын ортосунда укуктук өз ара мамиле түзүлөт. Мындай мамиле укуктук мамиле болуп эсептелет, анткени, ал процесстик укук нормалары менен жөнгө салынган мамиле. Башкача айтканда, процесске катышуучулар процесстик нормаларда тикелей каралган аракеттерди гана жасоого укуктуу. Ошондуктан, мыйзамда каралбаган кандай гана аракеттер жасалбасын, алар процессте, кандайдыр бир юридикалык мааниси болгон натыйжа бербейт [4].

Жарандык-процесстик укук мамилесиндеги маанилүү бөтөнчөлүктөрдүн бири бул соттун процесске жетекчилик кылуу, анын бардык актыларынын ишке ашырылышын камсыз кылуучу мамлекеттик бийлик органы катарында процесстик укук мамилелеринин бардык элементинде анын негизги жана жалпы милдеттүү субъектиси болуп эсептелишинде. Ошондуктан, жарандык-процесстик мамиленин сот органы катышпай туруп, процесске катышуучу башка субъектилердин өз арасында пайда болушу мүмкүн эмес. Демек, ишке катышуучулардын өз ара процесстик байланышы жалаң гана соттун катышуусу менен ишке ашырылат.

Ошентип, жарандык-процесстик укук мамилеси дегенибиз, белгилүү бир иш өндүрүшүндө аныкталып (такталып), жарандык-процесстик нормаларда каралган, ишке катышуучу жактар менен кызматташтыкта ишке ашырылуучу соттун иш аракет формасы болуп саналат.

Жарандык-процесстик укук мамилелеринин пайда болушу, өзгөрүшү жана кыскартылышы белгилүү бир шарттарда гана мүмкүн. Мындай шарттарга, укук нормалары, процесстик укук жөндөмдүүлүк жана юридикалык фактылар кирет. Биз жогоруда көрсөткөндөй жарандык-процесстик мамиле жарандык-процесстик укук менен жөнгө салынат, ошондуктан, жарандык-процесстик укук мамилесинин пайда болушу үчүн эң алды менен тийиштүү жарандык-процесстик укук нормаларынын болушу зарыл.

Мындан тышкары, процесс субъектилеринин жарандык-процесстик укук жөндөмдүүлүгүнө ээ болуулары тийиш. Жарандык-процесстик укук жөндөмдүүлүк дегенибиз жарандык-процесстик укукка ээ болуу жана процесстик милдетти аткаруу боюнча мыйзамда бекитилген мүмкүнчүлүк [5]. Жарандык-процесстик укук жөндөмдүүлүк, алардын туулган күнүнөн тартып пайда болот да, өлүмү менен кошо кыскартылат.

Жарандык-процесстик укук жөндөмдүүлүктөн, процесстик аракет жөндөмдүүлүктү ажырата билүү зарыл. Жарандык-процесстик аракет жөндөмдүүлүк бул сотто өз укугун өзүнүн аракети менен жүзөгө ашыруу жана иш жүргүзүүнү өкүлгө тапшыруу жөндөмдүүлүгү. Жарандык-процесстик толук аракет жөндөмдүүлүк 18 жаштан тартып башталат. Жарандардан айырмаланып, юридикалык жактардын аракет жөндөмдүүлүгү алардын укук жөндөмдүүлүгү менен барабар-бир эле учурда пайда болот да, бирге кыскартылат. Башкача айтканда, уюмдар, ишканалар юридикалык жак статусуна ээ болгон учурдан тартып, бир эле учурда укук жана аракет жөндөмдүлүктөрүнө ээ болушат да, юридикалык жактыгынын жоюлушу менен бирге укук жана аракет жөндөмдүлүктөрү да кыскартылат. Жарандардын-процесстик аракет жөндөмдүүлүгү жогоруда айтылгандай алардын өлүмү менен бирге кыскарат, жана ошондой эле, аларды сот аркылуу аракет жөндөмдүүлүгу жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жолу менен кыскартылат.

Жарандык-процесстик укукка жөндөмдүүлүк бул, мыйзамда аныкталган жарандык-процесстик укукка жана милдетке ээ болуу мүмкүнчүлүк. Субъективдик, материалдык укукка ээ болгон бардык жактар ал укуктарды коргоо үчүн сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө, башкача айтканда жарандык-процесстик укукка да жөндөмдүү болууга тийиш. Мындай мүмкүнчүлүктүн жоктогу бузулган субъективдик укуктун сот тарабынан коргоосуз калгандыгын билдирет. Ошондуктан, жарандык-процесстик укуктарга жана милдеттерге ээ болуу жөндөмү (жарандык-процесстик укукка жөндөмдүүлүк) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын сот аркылуу коргоп алуу укугуна ээ болгон бардык жарандарга жана юридикалык жактарга бирдей таандык деп таанылат. Жарандык-процесстик укук мамилелеринин пайда болуу шарттарынын бири юридикалык фактынын болушунун зарылдыгы. Жарандык-процесстик укукка юридикалык фактылардын өзгөчө түрү мүнөздүү. Алар процесстик иш-аракеттер: сотко доо арызы менен кайрылуу, процесстин катышуучуларын сотко чакыруу, доону моюнга алуу, далилдерди келтирүү, экспертти дайындоо, өтүнүч менен кайрылуу, доодон баш тартуу,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чечимге даттануу арызын келтирүү ж.б. көптөгөн процесстик иш-аракеттер. Жарандык-процесстик укук мамилесинин мазмуунун, жогоруда айтылгандай жарандык-процесстик укуктар менен милдеттер түзөт [6].

Жарандык-процесстик укук мамилесинин субъектилеринен болуп жогоруда көрсөтүлгөндөй бир жагынан сот, экинчи жагынан республиканын жарандары, юридикалык жак деген статусу бар мамлекеттик мекемелер, ишканалар, уюмдар ж.б. коомдук уюмдар, ошондой эле республикада жашаган чет өлкөлөрдүн жарандары, жарандыгы жок адамдары, чет өлкөлүк ишканалар жана уюмдар кирет. Жарандык-процесстик укук мамилелеринин бардык субъектилерин, аракеттеги жарандык-процесстик мыйзамдарга ылайык, процесске катышууга байланышкан максаты жана мааниси боюнча негизги 3 топко бөлсө болот.

- *Биринчи топко* соттор (райондон баштап жогорку сотко чейин) кирет.

- *Экинчи топко*, “ишке катышуучу жактар” деп аталган процесстин катышуучулары кирет. Булар: тараптар, үчүнчү жактар, прокурор ж.б. кирет. Ишке катышуучу жактар жарандык-процесстик мамиледеги башка субъектилердин ичинде маанилүү ролду ээлейт. Ишке катышуучу жактарга: тараптар, үчүнчү жактар, прокурор, башка жактардын укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылган жактар же мыйзамда каралган негиздер боюнча корутунду берүү үчүн ишке катышып жактан мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, арыз берүүчүлөр, өзгөчө сот процессиндеги таламдаш жактар кирет. Мындай, процесске катышуучу жактар жарандык иште ар дайым юридикалык кызыкчылыкты көздөшөт. Ушуга байланыштуу алардын процесстик иш аракеттери жарандык-процесстик укук мамилелеринин өнүгүшүнө башкача айтканда, жалпы эле жарандык процесстин пайда болушуна, өзгөрүшүнө же кыскартылышына өздөрүнүн демилгелүү таасирин тийгизишет. Ошону менен бирге жактардын жарандык ишке болгон юридикалык кызыкчылыктарынын мүнөөзү жана деңгээли да ар кандай. Мисалга, тараптар менен үчүнчү жактар процессте өзүлөрүнүн субъективдүү жарандык укуктарын коргоо үчүн катышып жаткандыктан, алардын каралып жаткан иште материалдык укуктук, жана ошондой эле процесстик укуктук да кызыкчылыктары бар.

- *Үчүнчү топту* сот адилеттигин талаптагыдай ишке ашырууга көмөк (жардам) көрсөткөн катышуучулар түзөт. Буларга күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар жана өкүлдөр кирет. Бул адамдарга олуттуу укуктар берилген эмес. Биринчиден, алардын жарандык сот өндүрүшүндөгү укуктук абалы аларга жүктөлгөн процесстик милдеттерди аткаруу менен аныкталат.

Процесстин негизги жана милдеттүү түрдөгү катышуучусу болуп сот эсептелет. Процессти сот башкарат, ишти сот карайт, чечимди сот чыгарат, жана анын талаптагыдай аткарылышына көзөмөлдүк кылат. Ошондуктан, жарандык-процесстик укук мамилесинин өнүгүшү да, баарыдан мурда сотко байланыштуу. Сот, процесстин милдеттүү түрдөгү катышуучусу гана эмес, ошондой эле ишке тиешелүү бардык маселелерди чечүү менен, сот бийлигин ишке ашыруучу субъект болуп эсептелинет [7].

**Жыйынтык.** Жарандык-процесстик мамилелердин субъекттери деп салттуу түрдө жарандык сот өндүрүшүндө ишке ашырган жарандык-процесстик укуктарды жана милдеттерди алып жүрүүчү адамдар түшүнүлөт. Жогоруда белгиленгендей, буларга:

1) сот;

2) ишке катышкан адамдар;

3) сот адилеттигин ишке ашырууга салым кошкон адамдар. Ошол эле учурда соттун процесстин катышуучулары менен мамилелерин тартипке келтирүү максатында акыркы эки топ Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине бөлүнөт [8].

Жарандык-процесстик укук мамилеси бул белгилүү бир иш өндүрүшүндө аныкталып (такталып), жарандык-процесстик нормаларда каралган, ишке катышуучу жактар менен кызматташтыкта ишке ашырылуучу соттун иш аракет формасы болуп саналат. Жарандык сот өндүрүшүнүн жана жарандык-процесстик укук мамилелеринин субъекттери түшүнүгү конкреттүү жарандык иш боюнча жарандык сот өндүрүшүнүн бардык катышуучуларына тиешелүү. Субъекттер ар кандай юридикалык позицияларды ээлейт жана процесстик укуктардын жана милдеттердин ар кандай өлчөмдөрүнө ыйгарылат. Процессте “ишке катышуучу жактардан” башка да бир топ субъектилер катышат, бирок, алардын каралып жаткан иштин натыйжасына эч кандай юридикалык кызыкчылыктары жок. Ошондуктан, алардын процесстик иш аракеттери да ченемдүү [9]. Алардын негизги милдеттери, ишти туура чечүүгө көмөк көрсөтүү гана. Буларга: күбөлөр, эксперттер адистер өкүлдөр жана котормочулар кирет.

Ишке катышкан жактар, иштин материалдары менен таанышууга, алардан көчүрүп жазып алууга, көчүрмөсүн алууга, баш тартуу билдирүүгө, эксперттерге жана адистерге суроо берүүгө, өтүнүч билдирүүгө, сот процессинин жүрүшүндө пайда болгон бардык маселелер боюнча өзүнүн жүйөөлөрүн келтирүүгө, ишке катышкан башка жактардын өтүнүчтөрүнө жана жүйөөлөрүнө каршы чыгууга, сот актыларына даттанууга жана ушул Кодекс тарабынан өзүнө берилген башка процесстик укуктардан пайдаланууга укуктуу. Ишке катышкан жактар өзүнө таандык бол-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



гон бардык процесстик укуктардан ак ниеттүүлүк менен пайдаланууга жана өзүнүн процесстик милдеттерин так аткарууга милдеттүү. Процесстик милдеттерин аткарбаганда, ушул Кодексте жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актыларында белгиленген натыйжалар келип чыгат. Ишке катышкан жактар мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда тизмектелген укуктардан башка дагы мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Мицкевич А.В. Правовые отношения в советском обществе // Общая теория советского права. – Москва, 1966. - С. 278.
2. Толстой Ю.К. Избранные труды о собственности и правоотношениях // сост. и вступ. статья А.А. Иванова. М.: Изд. группа Закон, 2017. - С. 159
3. Матузова Н.И. и А.В. Малько. Теория государства и права. Курс лекций. Под ред. Юристъ. – Москва, 1997. - С. 479
4. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик укугу. -Бишкек, 2012. - 38-41-бб.
5. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодекси 29.12.1999-ж. №146. - 36-берене.
6. Шакарян М.С. Предмет и система советского гражданского процесса // Избранные труды. - Санкт-Петербург: Юридический центр Пресс, 2014. -С. 35-38.
7. Ярков В.В. Гражданский процесс: Учебник для студентов высших юридических учебных заведений. / 10-е изд., перераб. и допол. – Москва, 2017. - С.61.
8. Интернет ресурс: https://pro-sud-123.ru
9. Интернет ресурс: http://gpp.npcrise.ru.